# Супер каармандар



Автор: Айжылдыз Тойчиева

Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

# Супер каармандар

Автор: Айжылдыз Тойчиева
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Супер каармандар" (кыргыз тилинде), автор Айжылдыз Тойчиева, сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Мурат кинодогу супер каармандарды аябай жакшы көрөт. Алар кайдан-жайдан жетип келип, адамдарга жардам беришет. Мен да ошолордой кыйын болсом. Кандай жардам берсем болот деп ойлоно берет.

Мына ушул убакта сыртта күбүр-шыбыр күчөдү.

Мурат тартып отурган супер каармандардын сүрөтүн коё коюп, сыртка жөнөдү.

Мал короодо ата-энеси менен ак халатчан үч киши жүрүптүр. Медициналык мээлей жана бет каптарын кийип, укол даярдай башташты. Мурат уколдон аябай коркот. Кайра артына качмак болуп, бирок анткен жок.




Уколдон корксо, кантип супер каарман болмок эле. Бул ирет эч нерседен коркпой, алардын жанына түз барууну чечти.

– Уйларыбыз ооруп калдыбы? Эмнеге аларга укол сайып жатышат?

– Жок,  болгону эмдеп жатабыз, – деди ветеринар Кадыр байке.





– Эмдөө деген эмне?

– Эмдөө – бул ооруну алдын алуу. Жакында төрт түлүк мал жайлоого чыгат эмеспи. Ал жерге башка жактардан канчалаган мал келет. Вирустук ооруларды жугузуп албоо үчүн вакцина берип үлгүрүшүбүз керек.




Мал аман болсо, эл аман болот да, – деди ветеринар байланып турган уйду эмдеп жатып.

– Кандайча? Эмне үчүн минтип айтып жатасыз? – деп Мурат таң кала сурады.

– Бул сөздүн маанисин табуу үчүн муздаткычты жакшылап карап көрчү, – деди ветеринар жылмайып.

Мурат ашканага  кирип, муздаткычты карай баштады. Күндөгүдөй эле азык-түлүктөр турат. Башка эч нерсе таппаган соң, кайра жаап жөнөмөк болду. Эртең менен бөбөктөрү Нурлан менен Айжан муздаткычтагы айранды алып ичкендерин эстеди. Дароо Мураттын оюна бир нерсе келе калды.



Бул айранды апасы кечээ уюткан эле. Аны, албетте, сүттөн уютат да. Муздаткычты жакшылап караса, айрандан башка каймак, быштак, сыр бар экен. Баарын дасторконго коюп, бөбөктөрүн чакырды. Алар, адатынча, эшиктин алдында күчүк менен ойноп жатышкан эле.





– Нурлан, Айжан, мени жакшылап угуп тургула. Мен маанилүү нерсени издеп жатам. Силерге бир суроо – үй жаныбарларынан дагы кандай азыктарды алабыз?

Алар дасторкон үстүндөгү азыктарды жакшылап карап, муздаткычтан эт менен сүттү алып чыгышты.

– Ушул кантип оюма келбеди экен, – деп Мурат бөбөктөрүн мактап койду.



Эртеси ал мектептен келе жатып, Кадыр байкенин үйүнө барды. Мурат муздаткычтагы үй жаныбарларына тиешелүү азыктарды санап берди.


– Көрдүңбү, уулум, эт, сүт азыктарын күнүмдүк турмушта кеңири колдонобуз. Эгер мал ооруп калса, булардын баарын жей албай калмакпыз.

– Үй жандыктары кандай оорулар менен ооруйт? – деп сурады

– Чынында, алардын түрү көп. Негизгилерин айтып берейин. Мисалы, уйлар бруцеллез, шарп, сибирь жарасы, кара сан сыяктуу оорулар менен оорушат. Булар өтө коркунучтуу вирустук оору болуп саналат. Айрымдарын таптакыр айыктырууга болбойт, улуттун келечегине да олуттуу зыян келтириши мүмкүн.



Ошондуктан жыл сайын ар бир уйдан кан алынып, оорунун белгилери бар же жок экени лабораторияда текшерилет. Ооруну алдын алуу үчүн вакцина беребиз. Малдын башка майда-барат ооруларын дарылоого болот, – деп түшүндүрүп берди Кадыр байке.






Аңгыча Кадыр байкенин чөнтөк телефону шыңгырап, “мына, бараташ” деп шашылып калды.

– Бизди коңшу айылга чакыртып калышты. Кечээ бирөөнүн жылкысы ооруп, дары-дармек жазып берген элем. Бүгүн барып асма уколун сайып келишибиз керек.

– Жылкылар да асма укол алышабы? – деп Мурат таң калды.




– Ооба, алар да адам сыяктуу. Зарыл болгон учурда ветеринардык клиникаларда үй жандыктарына операция да жасалат.

Мурат короодогу итибиз, мышыгыбыз да ооруп калышса, эмне болот деп ойлонуп калды.

Үйүнө келип, бөбөктөрү менен чогуу интернеттен маалымат издей баштады.

– Ой-ой! Иттен, мышыктан эхинококк жана альвеококкоз деген мите курт адамдарга жугат экен.

– Эгер мал союлганда, анын оорулуу өпкө, боорун итке берип койсо, ит, мышыктын ичинде курт пайда болот. Ал эми сыртка чыкканда мөмө-жемиш, жашылча-жемиштерге жугат.






Анан адам жемишти, ит, мышык кармаган колдорун жуубай тамак жесе, мите курт ага да жугат турбайбы, – деди Мурат коркунучтуу үн менен.


Нурлан менен Айжан көздөрүн чекчейтип, угуп отурушту.

– Биз колубузду дайыма самындап жууйбуз, – деп актанып да жиберишти.

– Андан ары уккула, бул курттар адамдын боорун, өпкөсүн, мээсин жабыркатат.




Ошондуктан иттерди, мышыктарды маал-маалы менен ветеринарга алып барып, өз убагында вакцина алдырып туруу керек. Жаткан жерин дезинфекциялап, дайыма тегерек-четин таза кармоо зарыл, – деп Мурат түшүндүрүп берди.





– Дезинфекция деген эмне? – деп Айжан кайра интернеттен карай баштады. – Бул атайы каражаттар аркылуу микробдорду жок кылуу экен.




Мурат кабатырланып, күчүгүнө, мышыгына тез арада вакцина алуу керектигин атасына айтты.

Эртеси ветеринарлар келип, күчүк менен мышыкка вакцина берип кетишти.

Мурат супер каармандардын сүрөттөрүн үстөлдүн үстүнөн жылдырып койду. Ветеринарлардын жасаган иши эсинен кетпей, чыныгы супер каармандар ушулар турбайбы деп ойлоду.

Ак кагазга ветеринарлардын сүрөтүн кооз кылып тартып, четине “супер каармандар” деп жазып койду...



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Айжылдыз Тойчиева
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли